DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



***ЖУРНАЛИСТИКА***
***ЖУРНАЛИСТИКА***
***JOURNALISM***

*Алымбаева З.А., Эсенкулова Э.Б., Ажимаматова Н.Ж.*

# ЖУРНАЛИСТИКАДА УЛУТ АРАЛЫК МАМИЛЕНИ ЧАГЫЛДЫРУУ МАСЕЛЕСИ

*Алымбаева З.А., Эсенкулова Э.Б., Ажимаматова Н.Ж.*

# ПРОБЛЕМА ОТРАЖЕНИЯ МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ В ЖУРНАЛИСТИКЕ

*Z. Alymbaeva, E. Esenkulova, N. Ajimatatova*

# THE PROBLEM OF INTERETHNIC RELATIONS REFLECTIONS IN JOURNALISM

*УДК: 070:304.444(575.2) (04)*

*Бул макалада журналистиканын коомдогу орду, багыттуулугу, тематикалык ар тараптуулугу анын азыркы учурдагы түрдүү саясий конфликттерден тартып, улуттар аралык проблемаларга чейинки көйгөйлөрдү чечүүдө өзүнчө институт катары чыгып талкуу аянтына айлануусуна негиз болууда. Мындай артыкчылык журналистикада улуттар аралык байланышты, баарлашууну түзүү деген жаңы милдети калыптандырат. Журналистика улуттардын маданиятын, тарыхын, келечек багыттарын эске алуу менен өзү-өзү таанып билүүсүн камсыздай алат. Демек улуттар маселесин чагылдырууда эң биринчи кезекте редакциялык жетекчилик менен журналисттин эрки, социалдык жоопкерчилиги жана жарандык позициясынын туура келиши маанилүү. Дал ушул себептен сөз башында биз журналист башка улуттардын маданиятын, салт- санаасын, турмуш өзгөчөлүгүн изилдеп үйрөнүү аркылуу өзүнүн жеке адамдык маданиятын аныктап алуусу керек деп жазылган.*

***Негизги сөздөр:*** *жарлык, нарк, маданият, этника, коом, ынтымак, достук, доор, уруу, мамлекет, эл, каада салт, тынчтык.*

*В данной статье место, направленность, тематическая многогранность журналистики в обществе закладывают основу для ее превращения в дискуссионную площадку, выступающую в качестве отдельного института в решении проблем современного мира, начиная от различных политических конфликтов и заканчивая межнациональными проблемами. Такой приоритет формирует новую задачу в журналистике – формирование межнационального общения, диалога. Журналистика учитывая культуру, историю и будущие тенденции народа может обеспечить самопознание. Поэтому при освещении вопроса национальностей в первую очередь важно соответствие воли, социальной ответственности и гражданской позиции редакционного руководства и журналиста. Именно поэтому в начале речи мы пишем, что журналист должен определять свою индивидуальную культуру через изучение культуры, традиций, особенностей жизни других народов.*

***Ключевые слова:*** *указ, ценность, культура, этника, общество, сплоченность, дружба, эпоха, племя, государство, народ, традиции, мир.*

*In this article, the place, orientation, and thematic versatility of journalism in society lay the foundation for its transformation into a discussion platform that acts as a separate institution in solving the problems of the modern world, ranging from various political conflicts to interethnic problems. Such a priority forms a new task in journalism – the formation of interethnic communication, dialogue. Journalism, taking into account the culture, history and future trends of the people, can provide self-knowledge. Therefore, when covering the issue of nationalities, first of all, it is important to match the will, social responsibility and civic position of the editorial management and the journalist. That is why, at the beginning of the speech, we write that a journalist should determine his individual culture through the study of culture, traditions, and the peculiarities of the life of other peoples.*

***Key words:*** *decree, value, culture, ethnicity, society, cohesion, friendship, epoch, tribe, state, people, traditions, world.*

Азыркы заманда журналистиканын саясий процесстерди жөнгө салуу, башкаруудагы таасирин күчөтүп жатканын белгилөөгө болот. Бул багытта Кыргызстандагы өзгөчө жагдай катары улуттар аралык мамилелерге байланышкан проблемаларды чечүүдөгү журналистиканын маанисине, ордуна токтолууну максат кылдык. Журналистиканын коомдогу орду, багыттуулугу, тематикалык ар тараптуулугу анын азыркы учурдагы түрдүү саясий конфликттерден тартып, улуттар аралык проблемаларга чейинки көйгөйлөрдү чечүүдө өзүнчө институт катары чыгып талкуу аянтына айлануусуна негиз болууда. Мындай артыкчылык журналистикада улуттар аралык байланышты, баарлашууну түзүү деген жаңы милдетти калыптандырат. Журналистика улуттардын маданиятын, тарыхын, келечек багыттарын эске алуу менен өзү-өзү таанып билүүсүн камсыздай алат. Аны менен катар эле коомдогу саясий маданияттын калыптануусуна таасир этет.

Кыргызстандагы улуттар аралык маселелерди жөнгө салуу аракеттери байыртан бери эле болгон. Чогуу жашаган аймактагы элдер менен мамиле түзүү, кызматташтык мамиледе болуу аракеттери байыркы мезгилдерден бери эле колго алынган десе болот. “Манас” эпосунда улуттар аралык кызматташтык, мамиле түзүүнүн үлгүлөрүн көрүүгө болот.

Жаңы заман деп аталган кийинки мезгилдердеги коомдук көйгөйлөрдүн бирине айланган улуттар ара-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



лык мамиле журналистикада да өзгөчө орунду ээлеп жатканы бекер эмес. 1980-жылдардан кийинки мезгилде улуттар аралык мамиле (улуттук кагылыштар катталып, анын саясий маселе катары карала баштаган учурлары) көйгөй катары карала баштаганы да себеп болууда. Мындай учурда журналистика бардык тараптардын оюн ачыкка чыгарып, ийри отуруп, түз кеңеш өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берген ишмердикке айланып калды.

Журналисттик ишмердиктин бирден бир багыты деп улуттар аралык мамилелерде катышуучу тараптардын ортосунда жагымдуу абалды түзүү максатын көздөгөн изденүүнү айтууга болот. Бул изилдөөгө алынган маселени кантип, кандай вариантта , кандай өңүттөн чагылдырып берүүгө болот? - деген суроолордун тегерегинде жүрөт. Маалымат каражаттары өздөрү жазган маалымат, материалдарда катышуучу тараптардын жалпы кызыкчылыгы эмнеде, өзгөчөлүк, артыкчылыгы кайсы жана алардын көз караштарын эки айры бөлүп, кагылышка алып келиши мүмкүн болгон жагдайлар кайсылар деген дагы маселелерге басым жасоого туура келет. Алар этностор тууралуу, алардын жакындыгы, ортодо жаралып жаткан маселелердин себептерин, өзөгүн таап чыгууга көмөк көрсөтөт. Ал эки тараптын ортосундагы мамилелерди жөнгө салууну маалыматтык жактан колдоп, координациялоо милдетин дагы аткара алат. Анын ичинде тараптардын мамлекеттик, саясий кызыкчылыктарды ачыктоо менен ортодогу баарлашууну болушунча түз алкакка чыгарууну колго алат. Мындай иштерди аткаруу менен журналистика улуттар аралык мамилени бекемдөө, жөнгө салуу же кандайдыр бир конфликтти чечүүнүн саясий негизин же багытын аныктоого түрткү берет.

Журналисттердин көтөрүлгөн маселе боюнча кесипкөйлүк деңгээли дагы орчундуу. Алардын жазган макаласы, көтөргөн маселеси биринчи кезекте саясий партияларга, бийликтегилерге, эл аарлык коомчулук, эл аралык уюмдарга таасир эткидей, алардын көз карашын тигил же бул маселеге тийиштүү багытка оодарууга жарамдуу болушу керек. Журналисттер өлкө ичиндеги улуттар аралык мамилени кармап турган системаны жөнгө салуу, башкаруу мүмкүнчүлүгүн издешет. Бул биринчи кезекте өз ара сүйлөшүү, ачык пикир алышууну камсыздоо аркылуу ишке ашат.

Улуттар аралык курчуп кеткен маселелерди чечүүдө Кыргызстан акыркы 20 жыл аралыгында кыйла кыйын маселелерди баштан кечирүүдө. Анын аркасында маалымат айдыңында дагы улуттук көйгөйдү көтөрүүдө журналисттик коомчулук үчүн өзүнчө эреже тартиптердин калыптанганын байкоого болот. Эл аралык тажрыйба, эрежелерге негизделген бул талаптар төмөнкүдөй маселелерди камтыйт:

- Маалымат каражаттарында социалдык, расалык, диний жана улуттук маселелерди курчутуп жиберүүгө негиз болчу чакырык, агитацияларга жол берилбейт;
- ММКларды социалдык, расалык, диний жана улуттук пикир келишпестиктерди жаратуу максатында колдонууга жол берилбейт;
- Социалдык, расалык, диний жана улуттук артыкчылыктарды пропагандалоого тыюу салынат;

ММКларда этностор аралык мамилени чагылдырууга тематикалык багыттар улуттук саясаттын көрсөткүчү болуп бериши мүмкүн. Анткени тигил же бул тематикалык багытка басым жасоо менен журналистика саясий-идеялык жана социалдык-психологиялык милдеттерди аткарат. Анын натыйжасы акыркы көрсөткүч болуп саналат.

Бул жагынан алганда журналистиканын улуттук маселелерди чагылдырууга милдеттери ар кыл багытты карманышы мүмкүн. Мисалы, мамлекеттин тутумунда элдердин бирдей укуктуулугу, эркиндиги, өз алдынча калыптануу аркылуу жеке мамлекетин түптөө, улуттар аралык пикир келишүүнү колдоо, улуттар кызыкчылыгы менен мамлекеттик кызыкчылыкты жакындатуу, улуттук азчылыктардын укугун коргоо, улуттук өзгөчөлүктөрдү сактап калуу деген максаттар көздөлүшү мүмкүн же тескерисинче улутчул экстремизм, расизмди колдоо, шовинизмге түрткү берүү деген маселелер козголушу мүмкүн. Бул атайылап жасалбаган иш деле болушу толук ыктымал. Анткени журналистика улуттук саясатты жүргүзүүдөгү эң негизги курал катары бардык тараптардын ар кыл кызыкчылыктарын, саясий өңүттөгү талаптарды, улут катары калыптануудагы зарыл болгон мутаждыктарын толук жана бирдей камсыздай албайт. Мындан улам ММКда дайыма жаңы эреже талаптар менен толукталган документтин негизинде иш алып барууга туура келет. Анткени улуттук аң сезим же ар бир улуттун өзүн-өзү таанып билүүсү, алардын муктаждыктарынын өсүшү маселени барган сайын татаалдантып турат. Журналистгер биринчи кезекте жарыялаган материалдарында дайыма өзгөргөн талаптарга ылайык өлкөнүн улуттар аралык мамилесин бекемдөө багытындагы саясатына доо кетирбегендей, жаңы чыр-чатактарды чыгарбагандай шарттарды кармануусу зарыл. Бул талап көп улуттуу Кыргызстандын шартында өзгөчө маанилүү ролду ойнойт.

Журналистика жөн гана маалымат топтоп, аны таратып коюу менен чектелбейт. Анын ишмердигинде алынган маселени ар тараптуу талдоо деген эң мыкты эреже бар. Бул жагынан алганда улуттар аралык мамилелер журналистикада илимий жана чыгармачылык өңүттөн алып чагылдырылат. Улуттар аралык мамиледеги айырмачылыктарды анализдеп, жалпыланган жана конкреттештирилген өзөктөрдү табууну көздөйт. Улуттар аралык мамиледеги ар кандай өзгөрүүлөрдү байкоого алат, туура баасын берип, ар кандай күтүүсүздүктөрдүн алдын алууга аракетти

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



талап кылат. Бирок ошол эле маалда тигил же бул улуттун кызыкчылыгы, талабы деген маселелерди аз өлчөмдө колдонуу зарылдыгы келип чыгат. Анткени, ар бирин бөлүп кароо менен классияфикациялык баалоо ыкмасына өтүп алсак, анда ортодогу ажырымды бириктирбей эле тескерисинче алыстатууга көмөкчү болуп каларыбыз анык. Ошондуктан мындай маселелерди чечүүдөгү сүйлөшүү, баарлашуу, мамиле түзүүнү шарттай турган саясий институт катары ММКны карап, анын негизинде коомдук мамилелерди бекемдөө, жалпы кызыкчылыктарды аныктоо менен бирдей укукка ээ болуу, бирдей милдеткер болуу жана бир максатка умтулуу саясатын жүргүзүүчү айдың катары кароого болот [1, 79-б.].

«Улуттук маселелерди чагылдыруудагы журналистиканын милдеттери катары анын социалдык милдеттенмелеринин аткарылышын айтууга болот. Ал эми анын аткарган ролу коомдун тигил же бул турмуш жагдайында, окуяларында түз катышып, маселени ырбатпай ичинде чечүүгө жетишүү аракетин көрүү. ММКнын милдеттери, анын аткарган иштеринин мүнөздөмөсү катары кабылданса, аткарган ролу бул милдеттердин маанисин бекемдей турган фактор катары кабылданат» [2, 35-б.].

“Мына ушундай факторлорду изилдөө менен журналистиканын өзүн дагы улуттар аралык мамилелерди жакшыртуу багытындагы аткарган иштеринин негизинде өзүнчө бир эрежелердин, принциптердин, нормалардын топтомун камтыган комплекстүү ишмердик деп атагандар бар. Мындай изилдөөлөрдө негизинен журналисттердин улуттук маселелерди чагылдыруудагы түрткү берген жагдайын, социалдык ролун, ММКлардын этникалык маселелерди чагалдырып, мамилени жакшыртуу багытында жетише ала турган мүмкүнчүлүктөрүн, берилип жаткан маалыматтардагы баалуулуктардын деңгээлин талдоо максатка ылайык болорун белгилесек болот. Анткени, анын көрсөткүчтөрү менен коомдогу биримдик, улуттар аралык жакындашуу, кызыкчылыктардын дал келүүсү сыяктуу аракеттердин жана жылыштардын көрсөткүчтөрүн билүүгө болот. Улуттук саясат багытында иштеген институт катарында журналистиканын милдеттерин төмөнкүдөй багыттарда кароого болот: регулятивдик багытта журналист улуттар аралык мамиленин социалдык жааттагы кызматташтыкта өнүгүүсүн талдоого алат. Бул жерде жеке тараптар менен мамлекеттик деңгээлдеги жагдайларды жөнгө салуу максаты каралат. Журналистика институт катарында жөн гана адамдардын социалдык керектөөлөрүн, муктаждыктарын камсыз кылуунун камын көрбөстөн, алардын карамагындагы ресурстардын колдонулушун теске салууга дагы катыша алат. Экономисттердин аныктамасы боюнча товар жана кызмат көрсөтүүнү элге сунуштоо үчүн төрт түрдөгү ресурс колдо болушу зарыл.

– жер же табийгый ресурстар жана техникалык билим;
– эмгек жана элдеги билим, жөндөм;
– өндүрүшкө салганга керектелүүчү капитал же байлык;

жогоруда белгиленген үч ресурту бирдиктүү системага салып иштетип кете турган уюм» [3, 81-б.].

Журналистика теске салуучу институт катарында биринчи кезекте саясатта жана экономикада уюштуруу, координациялоо милдетин аткарат. Мисал үчүн иштиктүү прессаны ишкердиктин бир түрү катары кароого болот. Алар ишкер чөйрөнү керектүү маалымат менен камсыздоо кызматын көрсөтүп, өздөрү да ишкердик жүргүзүүчү субъектке айланат.

Экинчи жагынан дүйнө жүзү боюнча товар өндүрүү жана аны калкка сунуштоо дагы бир ресурсту маалыматты талап кылат. Бирок айрым окумуштуулар бул жерде ошол маалыматтын жеткиликтүүлүгү тууралуу маселе көтөрүп келишет. Алардын айтымында жалпы коомчулукка бир маалыматтар жетип, ал эми айрым маалыматтар тиешелүү гана тараптарга жетип тургандыгын айтат. Алсак, мамлекеттик кызматтагылар, мамлекеттик бийликтегилер жана жогорку башкаруучулардын арасындагы маалыматтын ачыктыгы же жеткиликтүүлүгү ар кандай деңгээлде болот. Эң жогорку бийлик кызматындагылардын маалымат алуу мүмкүнчүлүгү кенен. Ал эми жалпы массаны салыштырып карай турган болсок, анда ар кимде эле болуп жаткан нерсе менен каалаган убагында таанышып, керектүү маалыматты таап алуу мүмкүнчүлүгү боло бербейт. Мына ушул жерде журналист коомдун маалымат айдыңындагы эксперти катарында турмуштун бардык жагдайындагы кабарларды таап, иштеп чыгып, толуктап, тактап анан элге жеткирүү милдетин аткарып келет [4, 162-б.].

Журналистиканын текстке салуучулук милдети башкаруу, өз алдынча башкаруу жана коомдук көзөмөл чөйрөсүндө кеңири ишке ашат. Бирок башкаруу тутумундагы аракеттерге киришүүдө журналистиканын аракеттерин чектеп турган жагдайлар бар. Бул саясий органдар же институттар. Бирок коомдук көзөмөл милдетин колдонуу менен журналистика теске салуучулук милдеттерин кеңири колдонуу мүмкүнчүлүгүн алат. Бул биринчиден коомдук пикирди жаратуу, экинчиден социалдык институту катарында ишмердигин жүргүзүү аркылуу ишке ашат [5, 33-б.].

Журналисттик ишмердиктин улуттук саясат багытындагы бирден бир өзгөчөлүгү болуп анын тигил же бул жагдайларда этностор аралык мамилелерди сактоо, жакшыртуу маселеси боюнча социалдык ортомчу ролун аткаруусу эсептелет. Анткени менен жөн гана ортомчулук кылып коюу менен маселе толук чечилбейт. Бул тууралуу Урал мамлекеттик университетинин изилдөөчүсү В.Ф. Олешко: «Интерактивдүүлүк деген термин маданияттар аралык баарлашуу ката-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



рында журналистикада жаралган жагдайдын, чыр-чатактын же талаштардын келип чыгыш жагдайына, эки тараптын максаттарына, консенсуска келишүү мүмкүнчүлүгүнө жана өз ара түшүнүшүүнүн абалына карап колдонулат» деп жазат [6]. Мындан улам журналистика кандайдыр бир улуттар аралык маселелердин чечилишине маданий баарлашууларды, маданий алмашууларды жана өз ара байланышты ар кандай деңгээлинде камсыз кыуучу ортомчу катары катыша алат.

Дүйнө жүзү боюнча маалымат таратуу ишмердиги өзгөчө активдүү өнүгүп жаткан тармак. Мындай өзгөрүүлөрдү эл аралык коопсуздук, бир аймак тийиштүү маселе туурасындагы маалыматтардын башка аймактын элине тийгизген таасири боюнча бир катар каршылыктар коштоп келет. Анткени көп маселе мамлекеттин эркиндигине, анын көз карандысыз түзүм катарында коопсуздугуна жана жеке адамдардын, жарандарынын өнүгүүсүнө байланыштуу болорун айткандар бар [6]. Мындай позициянын тутумунда өлкө ичинде жашаган ар улуттун ортосундагы мамилени калыптандыруу, ич ара интеграциялык процессти колдоо маселелери дагы каралган. Анткени менен илимий-техникалык өнүгүү, экономикалык карым-катнаштын дүйнө боюнча өнүгүүсү кайсы гана мамлекетте болбосун ал процесске катышууга табийгый жактан мажбурлай алат. Мындай процессте жалпыга маалымдоо каражаттары өзгөчө орунду ээлей тургандыгы дагы чындык. Айрым журналисттик коомчулуктун тигил же бул маселе боюнча так позициясынын аныкталышы зарыл. Анткени дүйнөлүк алкактагы процесстердин таасири тууралуу сөз кылганда анын сөзсүз түрдө улуттук маселелерге дагы тийиштиги болорун журналист түшүнүүсү керек.

Акыркы 20 жылдын аралыгында улуттар маселеси минтип өзгөчө талкууга алынып, жогорудагыдай конфликттердин күчөгөнү жана журналисттик коомчулуктан дагы бул маселелерге көбүрөөк басым жасалаша баштаганына негизги себеп катары совет маалында бул тема жабык катары каралып кеңири талкууга алынбагандыктан проблемалар көбөйүп, абдан татаал жагдайга келип калганын айтышууда. Бул көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн пикиринде жагымдуу көрүнүш. Союз тараган мезгилден кийин дал ушул тема өзгөчө көп жазылып, көп маселе көтөрүлгөнү белгилүү. Анткени мурдатан бери улам кийинкиге калтырып келе жаткан проблемалар ачык формага өттү. Экинчи жагынан көп улуттуу мамлекетте адатта түпкү улут менен башка этностордун ортосунда ар кандай деңгээлдеги каршылашуулар болуп турат. Мына ушул жагдайларды эске алуу менен азыр журналисттер улуттар аралык мамилелер тууралуу жазарда кимдер тууралуу жазып жатканына жараша ал тараптарды абдан изилдеп, жетиштүү талдап, таанып алышы керек деген талап орноп калды. Бул үчүн эң алды менен элдердин маданиятын үйрөнүп, рухий дүйнөсүн сезе билүү керек. Себеби мындай орчундуу маселеге үстүртөн мамиле жасап, колгот тийген фактылар менен гаана маалымат даярдап таратуу балким жаңы проблемаларды жаратып, жагдайды курчутуп дагы жибериши мүмкүн. ошондуктан журналист улуттар маселесинде анализди жетиштүү деңгээлде жүргүзө билсе, анализ аркылуу чыныгы жагдайды чагылдырса, маалыматты кабыл алып жаткан тарап үчүн дагы ой жүгүртүүгө маселени ар тараптан салмактап көрүүгө шарт түзүлөт.

**Адабияттар:**


1. Буторс Гали. БУУ Башкы катчысынын 1992-ж. 22-январындагы коопсуздук кеңешинин жогорку жыйналышында жасаган доклады. - Нью-Йорк, БУУ 1992-ж.
2. Корконосенко С.Г. Печать, управление и самоуправление. Учебное пособие. - Тула, 1992. - Б. 35.
3. Олешко В.Ф. Профессиональная культура журналиста (к методологии преподавания цикла интерактивных дисциплин). // Журналистское образование в XXI веке. Кого, кому и как учить журналистике?: Эл аралык илимий-методикалык конференциянын материалдарынын топтому. - Екатеринбург. 25-27 февр., 2000-ж. - Екатеринбург, 2000. - Б. 15.
4. Смелзер Н. Социология. Англисчеден которулган. / Окуу куралы. - М., 1994. - Б. 79.
5. Смелзер Н. Социология. Англисчеден которулган. / Окуу куралы. - М., 1994. - Б. 81.
6. Crozier M. The bureaucratic phenomtnon. - Chicago, 1964. - P. 162.
7. Сидоров В.А. Социология журналистики. / Учебное пособие. - СПб., 1999. - Б. 33.
8. Маматжанова З.М. Исторический обзор профессии журналистика. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 8. С. 213-217.